**Б.1.1.7 Философия**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерде адамдын, адамзаттын, табияттын жана коомдун жашоосунун өтө зарыл маселелеринин үстүнөн рефлексиялык ой жүгүртүү жолу менен тиешелүү дүйнөкөрүмдү калыптандыруу, студенттерди проблемалуу кырдаалдарга тартуу, алардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, өзүмдүк жекече жана коомдук турумун иштеп чыгуу.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| **Түрмөгү жана коду** | **Семестри** | **Эмгек сыйымдуулугу (кредит)** | **Баардыгы (сааттарда)** | **Аудиториялык иштин көлөмү (саат)** | | | **СӨИ** | **Аттестациялоо формасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Дарс** | **Прак. сабак** | **Лаб иш** | | |
| Б.1.1.7 | 1 | 4 | 120 | 32 | 32 | | 56 | Сынак |

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студент жалпы билим берүүчү орто мектепте тарых, адам жана коом предметтери боюнча алган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө таянат.

**Кыскача мазмуну:** Философиянын предмети. Философиянын маданияттагы орду жана ролу. Философиянын калыптануусу. Философиянын негизги багыттары, мектептери жана анын тарыхый өнүгүү этаптары. Философиялык билимдин түзүмү. Болмуш жөнүндө окуу. Болмуштун монисттик жана плюралисттик концепциялары, болмуштун өзү уюмдашуусу. Материалдуу жана идеалдуу түшүнүгү. Мейкиндик, мезгил. Кыймыл жана өнүгүү, диалектика. Детерминизм жана индетерминизм. Динамикалык жана статикалыкмыйзам ченемдүүлүктөр. Дүйнөнүн илимий, философиялык жана диний сүрөттөрү. Адам, коом, маданият. Адам жана табият. Коом жана анын түзүмү. Жарандык коом жана мамлекет. Адам социалдык байланыштар тутумунда. Адам жана тарыхый процесс; инсан жана массалар; эркиндик жана зарылдык. Коомдук өнүгүүнүн формациялык жана цивилизациялык концепциялары. Адам жашоосунун маңызы. Зордук жана кенендик. Эркиндик жана жоопкерчилик. Мораль, адилеттүүлүк, укук. Адептик баалуулуктар. Ар кыл маданияттардагы өркөндүү адам жөнүндө түшүнүк. Эстетикалык баалуулуктар жана алардын адам жашоосундагы ролу. Диний баалуулуктар жана абийир эркиндиги. Аң-сезим жана тааным. Аң-сезим, өзүн аңдоо жана инсан. Тааным, чыгармачылык, практика. Ишеним жана билим. Түшүнүү жана түшүндүрүү. Тааным ишмердүүлүгүндөгү рационалдуу жана иррационалдуу. Акыйкаттык проблемасы. Турмуш чындыгы, ой жүгүртүү, логика жана тил. Илимий жана илимден тыш билим. Илимийлүүлүктүн чен-өлчөмдөрү. Илимий таанымдын түзүмү, анын усулдары менен формалары. Илимий билимдин өсүүсү. Илимий революциялар жана рационалдуулуктун типтеринин алмашуусу. Илим жана техника. Адамзаттын келечеги. Учурдун глобалдуу проблемалары. Цивилизациялардын өз ара аракеттешүүсү жана келечектин сценарийлери.